# КЫРГЫЗ-ТҮРК «МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИ
# ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨ ДОЛБООРУНУН ОТЧЕТУ

## ОРТО АЗИЯНЫ ИЗИЛДӨӨ БОРБОРУ

## КЫРГЫЗ-ТҮРК “МАНАС ” УНИВЕРСИТЕТИНИН  КЫРГЫЗСТАН БАСМАСЫНДА КӨРСӨТҮЛҮШҮ

**Долбоордун номери:**
2017.ОААМ.01


**Долбоордун жетекчиси:**
Доц.т.а., Коммуникация PhD.
Угур Үнал
**Долбоордун мүчөлөрү:**
Проф. Др. Хамза ЧАКЫР (жетекчи)
Буржу САЙ
Айзат ТАЛАСБАЕВА


**БИШКЕК**
Декабрь-2017

# КЫРГЫЗ-ТҮРК «МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИ
# ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨ ДОЛБООРУНУН ОТЧЕТУ

**Долбоордун номери:**
2017.ОААМ.01

## КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС " УНИВЕРСИТЕТИНИН КЫРГЫЗСТАН БАСМАСЫНДА КӨРСӨТҮЛҮШҮ

**Долбоордун жетекчиси:** Доц.т.а., Коммуникация PhD. Угур Үнал

**Долбоордун башталышы** : 01/04/2017
**Долбоордун бүтүшү** : 30/09/2017

**Долбоордун отчетунун кабыл алынган күн**: ....../....../2018

**Проф., д.экон.н. Хакан ЧЕТИНТАШ**

**КЫСКАЧА МАЗМУНУ**

Имидж, учурдагы атаандаштык шарттарда кишилер жана мекемелер учун чон мааниге ээ. Жалпылап айтканда, кандайдыр бир ишмер же мекеме жонундо адамдардын ан-сезиминде калыптанган тушунук жана таасирлердин топтомун имидж деп айта алабыз. Уюм имиджи, уюмдун сырткы чойрого болгон таасири.

Буга байланыштуу, мекемелердин озулорунун сырткы корунушун талдоосу жана баалоосуна караганда , коом тарабынан пайда болгон мекеме жонундогу ой-пикирлер жана алардын иш-аракеттерин баалоосу мекеменин имиджин корсото алат. Калктын басымдуу болугу мекемелер жонундо маалыматтарды Массалык Маалымат Каражаттары аркылуу ала алышат.

Бул жагынан алып караганда мекеме имиджинин адамдардын ан-сезиминде жана коомдук ой-пикирде жагымдуу же жагымсыз болуп сакталуусуна массалык маалымат каражаттары чон таасир этуудо жана мекеме жонундо Медиада орун алуучу маалыматтар Уюмдун имиджинин тузулушуно салым кошууда. Уюмдар бул чындыкты эске алуу менен бирге, массалык маалымат каражаттарында кампания тууралуу чыккан маалыматарды дайыма изилдеп, жыйынтыктарды баалоосу абзел. Изилдоо аркылуу мекемелер, ММК тарабынан кандай сунулгандыгын жана жалпы коомдун кабыл алуусунда кандай имиджге ээ экендигин коро алат. Муну менен бирге тузулгон коммуникация процессин жаныдан куруу же туура багытка буруу мумкунчулугуно ээ болууда.

Кыргыз-Түрк “Манас” университети өзүнүн 20 жылдык мөөнөтүндө миссия жана максаттарына ылайык Кыргызстандын атына жасаган илимий, коомдук-маданий жана экономикалык иш-аракеттери, ошондой эле кошкон салымы Кыргызстандын басмасында жана интернет гезиттеринде жарыяланган маалыматтары менен далилденет. Аталган маалыматтар Кыргыз-Турк “Манас” университетинин коомчулук тарабынан кандай кабыл алынгандыгы тууралуу пикир жаратат.

***Ачкыч сөздөр:*** *имидж, уюм имиджи, массалык маалымат каражаттары, Кыргыз-Түрк “Манас” университети*

# КЫРГЫЗ-ТҮРК “МАНАС ” УНИВЕРСИТЕТИНИН КЫРГЫЗСТАН БАСМАСЫНДА КӨРСӨТҮЛҮШҮ

**КОРУТУНДУ:**

Бир мекеменин имиджин аныктоодо уюмдун өзүнө берген баасы эмес, башкалар тарабынан айтылган көз караштар жана баалоолор маанилүү орунга ээ. Учурда адамдар ар кандай уюм жана мекемелер жөнүндө маалыматты массалык маалымат каражатттарынан алышууууда жана кабыл алынган маалыматка жараша тыянак чыгарышууда. Ошондуктан мекеме имидждерин аң-сезимде жана коомдук ой-пикирде оң же терс көрсөтүүдө массалык маалымат каражаттары маанилүү таасир берүүчү фактор катары кабылданууда жана мекеме туурасында медиада чыккан маалыматтар мекеменин имиджин аныктоодо маанилүү орунга ээ болууда. Андыктан мекемелер бул ачуу чындыкты кабыл алуу менен ММКда өздөрү жөнүндөгү жарыяланып жаткан маалыматтарга күн сайын көз жүгүртүп, баа берип турууга тийиш. Ушул жол аркылуу мекемелер ММКда кандайча көрсөтүлүп жаткандыгын, коомдун элестетүүлөрүндө кандай түрдөгү имиджге ээ болуп жаткандарын аныктоо менен мекеме сыртындагы коммуникация чөйрөсүн жаңыдан жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат.

Жогоруда аты аталган ар кандай учурлар бардык мекемелерде кездешкендей эле КТМУда дагы болуп жаткандыгы айдан ачык. Ушул себептүү Манас Университетинин Кыргызстан басмасында, ММКларда жана интернет газеталарында кандайча көрсөтүлүп жаткандыгын аныктоо максатында КТМУ басмасы жана Коомчулук менен байланыш бөлүмү тарабынан 2013-2016-жылдар аралыгында архивделген жаңылыктар топтолуп алынып анализделип чыкты.

Кыргызстан басмасында 2013-2016-жылдар аралыгында Манас Университетине байланыштуу 197 кабар жазылган. Аты аталган кабарлардын жылдарга карата бөлүштүрүлүүсү төмөндө берилген.

- 2013-жылы 52 кабар
- 2014-жылы 69 кабар
- 2015-жылы 45 кабар
- 2016-жылы 31 кабар жарыяланган.

Төрт (4) жыл аралыгында Кыргыз-Түрк “Манас ” Университетине байланыштуу Кыргызстандын басылмаларында, кабар сайттарында жана газеталарда жарыяланган 197 кабардын басылмаларга карата бөлүштүрүлүүсү төмөнкүчө:

- КТМУга байланыштуу эң көп кабар жарыялаган басылма “Кут Билим” газетасы
- Экинчи сапта “gezitter.org” кабар сайты
- Үчүнчү сапта “Кыргыз Туусу” газетасы
- Төртүнчү сапта “Эркин Тоо” газетасы

- Бешинчи сапта болсо “Аки Пресс” кабар агенттиги
- Алтынчы сапта “Кабар” кабар агенттиги
- Ал эми жетинчи сапта “Вечерный Бишкек” газетасы көрсөтүлгөн.

Манас Университетине байланыштуу төрт (4) жыл аралыгында жарык көргөн кабарлардын 80 пайызыга жакыны жогоруда көрсөтүлгөн басылмаларда жарыяланганы маалым болду.

Кабарларды жылдарга бөлүп караганыбызда эң көп кабардын 2013-2014-жылдарда жарыяланганын көрүүгө болот. Мунун башкы себептеринин бири КТМУнун жоболорунун өзгөрүлүүсү болушу мүмкүн. Башкача айтканда бул жылдар аралыгында жарыяланган кабарлардын башка жылдарга салыштырмалуу эки эсе көп болушун 1995-жылы эки өлкөнүн келишими менен курулган КТМУ жобосунун 2011-жылы Анкарада өзгөртүлүүсү, 2013-жылы болсо кабылдануусу үчүн Жогорку Кеңешке көрсөтүлүүсү сыяктуу этаптары менен түшүндүрүүгө болот.

2013-2016-жыл аралыгында Кыргыз медиясынын кабар агенттиктеринде ,кабар сайттарында жана газеталарда КТМУга байланыштуу жарык көргөн 197 кабардын ички мазмунуна карап көрө турган болсок :

- 165 кабардын оң маанайда
- 32 кабардын болсо терс маанайда жарыяланганын байкоого болот.

Кыргыз басылмасынын кабар агенттиктеринде, кабар сайттарында жана газеталарда КТМУга байланыштуу жарыяланган 197 кабардын 165нин б.а 85% нын оң маанайда жарыяланышы Кыргыз басылмаларында КТМУнун дарегине оң багыттагы таасирлер калтырылып жаткандыгынын далили десек жарашчудай. Ошол себептүү изилденген кабарлардын аталыштарынын негизинде КТМУнун Кыргыз басмасындагы имиджи мактоого алынаарлык деп айтууга болот.

Жалпы кабарлардын 15% түзгөн , аз да болсо аталып өткөн терс маанайдагы кабарлардын ички мазмунуна көз чаптырганыбызда төмөнкүлөрдү көрүүгө болот:

- Университетке байланыштуу 1995-жылы кол коюлган келишимдин 2011-жылы өзгөртүлүүсү
- Бул өзгөртүүлөр менен бирге Ректордун кайсы өлкө тарабынан коюла турагандыгы тууралуу өзгөртүүлөр жана бул нерсеге каршы чыгуулар
- Университеттин эки өлкө тарабынан түзүлгөн келишиминин жаңылануусу
- Университеттин орун алган жеринин чоңдугу
- Университеттин бюджети
- Эки өлкөнүн ортосунда курулган Университеттин иштөө мөөнөтүнө байланыштуу келишимдин узартылуусу сыяктуу кабарлардын жарыкка чыккандыгын көрүүгө болот.

2013-2016-жыл аралыгында КТМУ басмасы жана Коомчулук менен байланыш бөлүмүнөн алынган КТМУга байланыштуу 197 кабардын көрсөтүлгөн маалымат булагы жана адамдар б.а кабардын түзүлүүсүнө маалыматтар ким тарабынан, кайсыл жерде жана эмнеге таянуу менен алынгандыгы тууралуу көрсөтмөлөрдүн саны да изилденген жана анын жыйынтыктары төмөндөгүчө:

- Биринчи адам -проф.доктор Себахаттин Балжы
- Экинчи адам –Чынгыз Айтматов
- Үчүнчү адам болсо Карыбек Молдаев

Сөз болуп жаткан 197 кабардын маалымат булагы катары көрсөтүлгөн мамлекеттик мекемелердин изилдөөнүсүүнүн жыйынтыгында да эң көп маалымат булагын түзгөн мекемелердин аттары да берилди:

- Изилдөөдө эң көп маалымат булагын түзгөн КТМУ
- Экинчи мамлекеттик мекемелердин бири- КР Жогорку Кеӊеши
- КР билим берүү министирлиги
- КР президенттик апараты
- КР премьер министирлиги
- КР парламенттик комиссиясы
- Түрк парламенттиги

2013-2016-жыл аралыгында Кыргызстан ММКларында Манас Университетине байланыштуу 197 кабардын изилдөөнүүсүнүн жыйынтыгында алынган кабарлардын жалпы 13 теманын алкагында түзүлгөнүн көрүүгө болот. Алынган жалпы кабарлардын 60% түзгөн темалардын эӊ алдыӊкы орундагы үчөөсүн көрсөтүүгө болот.Алар:

- Алдыӊкы саптагы 47 кабар университеттин өткөргөн илимий иш-чараларына байланыштуу
- Экинчи саптагы 45 кабар университеттин мыйзамдары жана башкаруусуна байланыштуу
- Үчүнчү саптагы 21 кабар болсо университетти таанытууга байланыштуу кабарлар экендигин байкоого болот.

Кыргыз-Түрк “Манас” Университетинин 2013-2016-жыл аралыгындагы 197 кабарын изилдөөнүн жыйынтыгында Кыргыз басылмаларында жалпысынан жыйырма (20) түшүнүк жана аныктамалар менен аталып өткөндүгү тастыкталган. Алар жалпысынан төмөндөгүчө:

- Университеттин эл аралык билим берүү стандарттарына ээ болуусу
- Сапатту билим берүү системасынын болуусу
- Коррупциянын жоктугу
- Ар түрдүү маданияттардын очогуна айлангандыгы
- Кыргызстандагы жана Орто Азиядагы эң мыкты университет экендиги

- Дүйнөнүн бир канча өлкөлөрүндө бүтүрүүчүлөрүнүн жумуш орундарга ээ болуусу
- Кыргызстан жана Түркия өлкөлөрү ортосундагы чоң бир көпүрө катары кызмат кылып жаткандыгы сыяктуу ар кандай чөйрөдөгү кызматтары тууралуу аныктоолор берилген.

КТМУнун Кыргыз басылмаларында кандайча кабарландырылып жаткандыгын аныктаган бул изилдөөдө жогоруда көрсөтүлгөн жыйынтыктардын негизинде жалпы тыянак чыгара турган болсок, 2013-2016-жыл аралыгында Кыргыз басылмаларында университетке байланыштуу жалпы 197 кабар жарыяланган. Аты аталган университетке байланыштуу басылмалардагы кабарлардын жарык көрүү басмаларына карата бөлүштүрүлүшүндө салыштырмалуу түрдө КР билим берүү министирлиги тарабынан чыгарылган “Кут Билим” газетасында жана башка кабар порталдарын бириктирип турган “gezitter.org” кабар сайтында жарык көргөндүгүн байкоого болот. Андан соң аты аталган бул эки басылманын жалпы санына жетпесе дагы Кыргыз басмасынын негизин түзгөн “Кыргыз Туусу” , ”Эркин Тоо”, ”Вечерный Бишкек ” менен биргеликте “Кабар”, “Аки Пресс”, “Knews”, “24.kg” кабар агенттиктери сыяктуу басма сөз кызматтары негизги өзөк болуп эсептелет.

Кыргызстанда эң көп тираж менен (М-вектор, 82:2017) басылган “Супер инфо”, “Вечерный Бишкек” жана эң көп колдонулган интернет баракчасы болгон “super.kg” сайтын карай турган болсок, Манас Университетинин 2013-2016-жыл аралыгында “Супер Инфо” газетасында жана “super.kg” интернет баракчасында эч жарыяланбагандыгы жана “Вечерный Бишкек ” газетасында аз гана кабарлангандыгын көрүүгө болот.

Жогоруда белгиленген учурларды эске алуу менен 2013-2016-жыл аралыгында чыккан Университет тууралуу жалпы 197 кабардын 31 түрдүү басылмаларда жарыяланганын көрүүгө болот. Ошентсе да кабарлардын саны боюнча бөлүштүрүлүүсү Кыргыз басмасынын эң көп окулган газеталарына, эң көп колдонулган интернет булактарына караганда б.а газеталардын тиражына жана интернет барактарынын колдонуу рейтингине боюнча алганда, көбүнчө эң маанилүү деп эсептелген басылмаларга туура келбей калганын байкоого болот. Бул албетте олутту мамиле жасалып карала турган учур болуп саналат. Манас Университетине байланыштуу кабарлардын эң көп басып чыгаруу органдарында б.а эң көп колдонулган басылмаларда жана сайттарда жарыяланышы үчүн университеттин тиешелүү мекеме же уюмдардын керектүү медиа пландарына байланыштуу коммуникациянын стратегиясын өнүктүрүүлөрү учурдун талабы.

Эске ала турган башка дагыбир маанилүү жагдай “Манас” университетине байланыштуу 2013-2016-жылдар аралыгында кыргыз медиасында орун алган кабарлардын дээрлик 85% ы оң маанайдагы кабарлардын болгондугунда. Университетке байланыштуу жогоруда айтылган мындай оң пикирди жана массалык маалымат каражаттарынын коомдук пикирге болгон таасирин эске алуу менен “Манас” университетинин кыргыз коомчулугунун үлгүлүү имиджи бар деп айтууга болот.

Дагы бир маанилүү жиктөө да, медиада “Манас” университине багытталган аз да болсо (15%) терс маанайдагы кабарлардын бар болгондугунда. Албетте, эч бир мекеме медиада өзү туурасында

терс маанайдагы кабардын болуусун каалабайт, бирок бул маселеге кененирээк ракурстан караганда сөз болуп жаткан терс маанайдагы кабарлардын белгилүү бир учурда бир көйгөйдүн себебинен келип чыккандыгын көрүүгө болот. Бул жагымсыз жагдайлар колго алынган убакыттын ичинде, башкача айтканда төрт жыл ичинде ар жылы университеттин дарегине ар кайсы темаларда терс маанайды камтыган кабарлар болсо, көңүл бура турган абал жаратмак. Сөз болуп жаткан терс маанайды камтыган кабарлар бир тема жана белгилүү бир учурду гана камтыгандыгы үчүн кыргыз коомчулугунун пикиринде терс таасир бере турган кабылдоолорду жараткан деп айтуу туура эмес болуп калат. Ошондуктан дагы бир жолу баса белгилөө менен кайталап айта турган болсок, оң маанайдагы кабарлардын медиада басымдуулук кылуусу Кыргыз-Түрк “Манас” университети үлгүлүү имиджге ээ деген жыйынтыкка алып барат.

2013-2016-жылдар аралыгында кыргыз медиасында “Манас” университетине байланыштуу көтөрүлгөн темалар(терс маанайдагы кабарлардан сырткары) Университетти таанытуу үчүн ар жылы даярдалган мейли академиялык мейли башкаруу иш-чараларынын отчетторунда көрсөтүлгөн категориялар менен дал келип турат. Университеттеги иш-чаралардын отчетторунун негизинде өзүн таанытуу иши басылмаларда дагы эч өзгөртүлбөстөн көрсөтүлүүсү Университеттин кызыкчылыгы үчүн маанилүү болуп саналат.

Изилдөөдө берилгендей 2013-2014-жыл аралыгында Кыргыз басмасында колго алынган темаларга карай турган болсок, эң көп университеттин илимий иш-чаралары (симпозюмдар,конференциялар,панелдер, билим берүү семинарлары ж.б ) ,таанытуу жана искуstволук, спорттук жана маданий иш-чаралардын болгондугу көзгө урунат. Бул иш-чараларынын максаттарынын негизинде жыйынтыктардын максатка ылайык көрсөтүлүп жаткандыгы көңүл жибитерлик көрүнүш.

Бирок айтыла кетчү негизги жагдай 2013-2016-жыл аралыгында төрт жылдык этапта Кыргыз басмасында университеттин 47 илимий иш-чарасы, 15 маданий, искусstволук жана спорттук иш-чаралардын кабарлангандыгын белгилөөгө болот. Болбосо университет 2015-2016-жыл аралыгында эле академиялык иш-чаралардын отчетторуна караганда бир жыл ичинде жалпы 172 иш-чара өткөргөн. Жана ушул эле отчеттун жыйынтыгы боюнча университет бир жыл ичинде 200дөн ашуун маданий, искусстволук жана спорттук иш-чараларды өткөргөндүгү маалым. Ал эми бул изилдөөдө төрт жылдык этапта маданий,искусстволук жана спорттук иш-чаралар катары болгону 15 кабар жарыяланганын басылмаларда көрүүгө болот.

Ушул отчеттун көрсөткөн дагы бир жыйынтыгы катары акыркы бир жыл ичинде “Манас” Университетинин окутуучулук жамааты 28 жана студенттери 22 жалпы 50 сыйлык алышкандыгы белгилүү. Ал эми бул изилдөөдө төрт жыл коротулган убакыттын ичинде болсо Кыргыз басмасында болгону 9 кабардын сыйлыктарга байланыштуу жарыяланганы жиктөөгө болот. Илимий жана маданий, искусстволук жана спорттук жадакалса сыйлык тапшырууларга байланышкан иш –чаралардын негизинде алынган маалыматтарда университеттин жыл ичиндеги иш-чараларынын саны менен коротулган төрт жылдык убакыттагы Кыргыз басмасындагы

жарыяланган кабарлардын санын салыштыра турган болсок, өз ара байланыштык деңгээлдердин өтө төмөн тургандыгы айтпасак да белгилүү. Бул төмөнкү көрсөткүчкө байланыштуу дагы эле айланып келип "стратегиялык байланыш башкармалыгы" нын тездетилүүсүнө такалаарын баса белгилеп кетүү ашыктык кылбайт.

Белгилей кетчү дагы бир жагдай, Кыргыз басмасында 2013-2016-жыл аралыгында "Манас" Университетине байланыштуу колго алынган темалардын катарында университеттин физика-технологиялык инфраструктурасы аркылуу коомго кызмат көрсөтүүсү тууралуу. Университеттин акыркы төрт жыл ичинде физика-технологиялык инфраструктурасына бөлгөн бюджети жана анын жыйынтыгында көрсөтүлгөн кырдаалга караганда эч бир кабардын көрсөтүлбөгөндүгү белгилүү. Ошол эле учурда университеттин коомчулукка жасаган башка иш-аракеттери басылмаларда чагылдырылбай жатат . Албетте бардык иш-чаралардын өзүнчө өзгөчөлүктөрү бар жана өткөрүлүү маанилүүлүгү чагылдырылбайт, бирок кыргыз коомчулугунун назарында үлгүлүү имидж түзүүдө университеттин коомчулукка көрсөткөн кызматтарынын башка иш-чараларга караганда күчтүү таасир берери бышык. Жана өзгөчө университеттин миссиясы катары каралган коомдук кызмат тармагында Кыргыз элине мүмкүн болушунча көп кызмат көрсөтүүгө багытталган аракетин эске алганда, аты аталган иш-аракеттердин кыргыз басылмаларындагы ордунун төмөндүгүн маанилүү бир көйгөй катары кароо керек экендиги ачык эле көрүнүп турат.

Бул изилдөөдө жогоруда чыгарылган тыянактарга таянып белгилүү бир убакыт аралыгында университеттин сан жана сапат жагынан барган сайын жогорулаган илимий багыттагы жана коомдук иш-чаралардын топтомуна карабастан, кыргыз басылмаларында керектүү деңгээлде эместиги көрүнүп турат. Бул бир маанилүү маселе катары каралуусу керек жана керектүү алдын алуулардын негизинде иш-аракеттер жүргүзүлө башталуусу керек. Бул көйгөйдү чечүүгө багытталган эң жакшы жол университеттин "стратегиялык байланыш башкармалыгынын" жаңыдан пландалуусуна байланыштуу экендигин белгилөө керек.

Аткарган илимий жана коомдук иш-чаралардын негизинде "Манас" университетинин кыргыз коомчулугундагы үлгүлүү имиджин дагы да күчтөндүрүү максатында кыргыз медиасына багытталган туруктуу деөгээлдеги өзгөчө бир стратегиянын иштелип чыгуусу маанилүү орунга ээ. Кыргыз-Түрк "Манас" университети- Түркиянын тарых жана уруулук биримдик преспективаларында бир тууган өлкө катары каралып кыргыз элинин өнүгүүсүнө багытталган салымдарынын күн санап өсүүсү үчүн чоң бир эмгек сарптоодо. Бул чоң эмгекти сарптоонун аркасында кыргыз медиасында тиражы жана рейтинги жогорку басылмалардын кабарларында орун алуусун талап кылуусу негиздүү. Бул талаптын түпкүрүндө жаткан баштапкы идея, университеттин күн санап өскөн илимий жана коомдук иш-аракетинин кыргыз элине багытталган салымынын үзүрү катары кыргыз медиасында чагылдырылуусу болуп саналат.